БИЛИП АЛЫҢЫЗ

# Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу

(Башы 12-бетте)

Мындай маалымат Улуттук банктын расмий сайтындагы “Статистика” бөлүгүндө, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени” басылмасынын “Акча-кредиттик жана финансылык саясат” бөлүгүндө жарыяланат.

Маалымат үчүн
2014-жылдын 1-сентябрына карата абал боюнча жүгүртүүдөгү МКВ менен МКОнун жалпы көлөмү 10,13 млрд. сомду түзгөн.

2014-жылдын 1-сентябрына карата абал боюнча Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын жалпы көлөмү 0,34 млрд. сом чегинде түптөлгөн.

Коммерциялык банктар, институционалдык инвесторлор, (Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жана Депозиттерди коргоо агенттиги), ошондой эле, коммерциялык банктардын кардарлары – жеке адамдар жана юридикалык жактар МКВ менен МКОго ээлик кылуучулар болуп саналышат. МГБдын ээлик кылуучуларынын үлүшү 12-беттеги графиктерде көрсөтүлгөн.

Айтылып кеткендей мамлекеттик баалуу кагаздардын дагы бир сегментине экинчилик рынок кирет. Экинчилик рынок – бул, ортомчулар иш алып барбаган рынок, мында алгачкы кредитордон жана карыз алуучудан болуп саналбаган жактар ортосунда баалуу кагаздарды сатып алуу жана сатуу боюнча операциялар ишке ашырылат. Баалуу кагаздар биринчилик рыногунда жайгаштырылгандан кийин жүгүртүүгө чыгарылат. Мындай сатуудан түшкөн каражаттар аны чыгарган корпорацияга же өкмөттүк органга эмес, баалуу кагазга ээлик кылуучуга (инвесторго) келип түшөт.

Биринчилик жана экинчилик рыногу белгилүү бир формада бири-бирине каршы келет, бирок ошол эле учурда бирибирин толуктап да турат. Мындай дал келбестиктер, баалуу кагаздарды сатуу жана жүгүртүүгө чыгаруу милдетин аткарууга байланыштуу келип чыгат, мында аларды тандоо жана сатып өткөрүүнүн белгилүү бир ыкмаларына таянуу менен иш алып баруу зарыл. Эгерде, биринчилик жүгүртүү аркылуу көп эле учурда процессти каржылоо ишке ашырылса, экинчилик жүгүртүүдө акцияларды сатып алуу аркылуу контролдукту корпорациялар ортосунда бөлүштүрүү жүзөгө ашырылат, мында ар кандай финансылык топтор ортосунда контролдук кылуу жана бөлүштүрүү иши аткарылат.

МБКлардын экинчилик рыногундагы операциялар:

1. Репо операциялары:

Репо операциялары - Мамлекеттик баалуу кагаздарды келечекте белгилүү бир күнү (аяктоо күнү) жана алдын-ала макулдашылган баа менен кайтарым сатуу/сатып алуу милдеттенмеси менен аларды сатып алуу/сатуу боюнча операциялар.

2.Мамлекеттик баалуу кагаздарды аутрайт шарттарында сатып алуу (редисконт операциялары):

Мамлекеттик баалуу кагаздарды аутрайт шарттарында сатуу/сатып алуу боюнча операциялар. МБКлардын экинчилик рыногун өнүктүрүүгө жана сатылып алынган МБКлардын ликвиддүүлүгүнүн өсүшүнө өбөлгө түзүү, ошондой эле убактылуу ликвиддүүлүктү сунуштоо, редисконттук операцияларды өткөрүүнүн максаты болуп саналат.

2014-жылдын өткөн 8 айынын жыйынтыгы боюнча МБКнын экинчилик рыногундагы операциялардын жалпы көлөмү 32,40 млрд.сомду түздү. Ошондой эле, коммерциялык банктар төмөнкү графикте көрсөтүлгөндөй экинчилик рыногунда репо шарттарында бүтүмдөрдү өткөзүүдө көбүнчөсү МКОну жигердүү пайдаланышкан.

Ошол эле 2014-жылдын 8 ай ичинде коммерциалык банктар экинчилик рыногунда 1 жана 7 күндүк мөөнөттү көбүрөк колдонушкан.












Дайырбек МЕЙМАНОВ,
m_daiyr@mail.ru